КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# З А К О Н
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө”
Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

2013-жылдын 26-декабрында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 999-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** 14-беренеде:

3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Эгерде жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышына депутаттардын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышса акимдин кызмат ордуна дайындоого сунуш кылуу үчүн талапкерлерди тандоо боюнча жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышы болду деп эсептелет. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышында депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер тандалып алынды деп эсептелет. Эгерде талапкерлердин бири да депутаттардын добуштарынын зарыл санын ала албаса, добуш берүүнүн биринчи турунун жыйынтыгы боюнча добуштардын көбүрөөк санын алган эки талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт.

Добуш берүүнүн экинчи турун өткөрүү үчүн эки талапкерди аныктоо мүмкүн болбогон учурда добуш берүүнүн экинчи туруна талапкерлерди аныктоо үчүн добуштардын бирдей санына ээ болгон талапкерлердин ортосунда орто аралыктагы тур өткөрүлөт.

Башка талапкерге караганда, добуш берүүгө катышкан депутаттардын көпчүлүк добуштарын алган талапкер добуш берүүнүн экинчи турунда тандап алынды деп эсептелет.

Эгерде экинчи турдун жыйынтыгы боюнча эки талапкер тең добуштардын бирдей санын алган учурда, ошол талапкерлер тандап алынды деп эсептелет жана алардын бирин акимдин кызмат ордуна дайындоо жөнүндө маселени чечүү үчүн Премьер-министрге сунуш кылынат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# З А К О Н
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики
«О местной государственной администрации»**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

26 декабря 2013 года

**Статья 1.** Внести в Закон Кыргызской Республики «О местной государственной администрации» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2011 г., № 7, ст. 999) следующие изменения:

**1.** В статье 14:

часть 3 изложить в следующей редакции:

«Заседание совместного заседания местных кенешей по отбору кандидатуры для предложения к назначению на должность акима считается состоявшимся, если в нем приняло участие не менее двух третей от общего числа депутатов совместного заседания местных кенешей. Отобранной считается кандидатура, набравшая большинство голосов от общего числа депутатов совместного заседания местных кенешей. Если ни один из кандидатов не набрал необходимого количества голосов депутатов, проводится второй тур голосования по двум кандидатам, набравшим наибольшее количество голосов по итогам первого тура голосования.

В случае невозможности определения двух кандидатур для проведения второго тура голосования проводится промежуточный тур для определения кандидатов на второй тур голосования среди тех кандидатов, у которых имеется одинаковое количество голосов.

Отобранной во втором туре голосования считается кандидатура, набравшая больше голосов депутатов, принявших участие в голосовании, чем другой кандидат.

В случае если по итогам второго тура обе кандидатуры набрали равное количество голосов, эти кандидатуры считаются отобранными и предлагаются Премьер-министру для решения вопроса о назначении одной из них на должность акима.

Отбор кандидатуры для предложения к назначению на должность акима не может быть перенесен на следующее заседание.»;